**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ТОҢ РАЙОНУ**

**УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**

**УЛАХОЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

ДЕПУТАТТАРДЫН УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН
IX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVI СЕССИЯСЫНЫН
№89 Т О К Т О М У

2026-ж. 27-апрель

**Улахол айыл аймагынын айылдарындагы таштандыларды ташып чыгаруу жыйымдарынын тарифин жогорулатуу жана кызмат көрсөтүү акыларынын өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө.**

---

Улахол айыл аймагынын айылдарындагы таштандыларды ташып чыгаруу жыйымдарынын тарифин жогорулатуу жана кызмат көрсөтүү акыларынын өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө ишкананын директору Жумабек уулу Канаттын жана бюджет, салык жана финансы маселелери боюнча туруктуу комитетинин билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Улахол айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Улахол айыл аймагынын айылдарындагы таштандыларды ташып чыгаруу жыйымдарынын тарифин жеке жактар үчүн ар бир түтүнгө ай сайын 120 (бир жүз жыйырма) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Таштандылар төгүлүүчү жайга (полигонго) өз алдынча алып барып төгүү үчүн төмөнкү тарифтер бекитилсин:
   - жеке жактарга- бир жолку каттам үчүн 500 (беш жүз) сом;
   - юридикалык жактарга – бир жолку каттам үчүн 3000 (үч миң) сом.

3. Улахол айыл аймагындагы турмуш –тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча соода-мекеме, коммерциялык жана башка ишканалар үчүн түзүлгөн тарифи бекитилсин.

4. Тарифтин так аткарылышын аткарууга алуу жагы муниципалдык ишкананын директору Жумабек уулу Канатка милдеттендирилсин.

5. Улахол айылдык Кеңешинин 2026-жылдын 27-апрелиндеги №89 токтому Ысык-Көл областык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

6. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Бейшеев**